Атыгаев Б.

К. Тыныстанов ат. ЫМУ

КЫРГЫЗДЫН АЛГАЧКЫ АГАРТУУЧУЛАРЫ ЖАНА «ЭРКИНТОО» ГАЗЕТАСЫ

XX кылымдын 80-жылдарынын аягында кыргыз адабиятынын тарыхы олуттуу өзгөрүүгө учурады. Атап айтсак, улуттук жазма адабиятыбызга алгачкы чыйыр жолун баштаган К.Тыныстанов, С.Карачев, И.Арабаев, З.Бектенов өңдүү таланттуу акын-жазуучуларыбыз, окумуштуу, коомдук ишмерлерибиздин эмгектери дээрлик жарым кылымдан ашуун убакыт жарыкка чыкпай, ал түгүл ысымдары (аттары) аталбай көмүскөдө калып келген. Улуу террордун курмандыктары болгон жогорудагы инсандардын чыгармалары негизсиз айыпка жыгылып, «улутчул» деген «күнөө» коюлуп, ар кандай курулай шылтоолор менен атылып, жок кылынды. Ал тургай жазылган чыгармаларынын көпчүлүгүн өрттөп жок кылууга да үлгүрүштү.

Өткөн тарыхыбыздын барактарын ачып карап отуруп, мындай оор тагдырга туш болгон улуу инсандар жашап өткөн өз өмүр жолдорун курубекер өткөрбөптүр. Алардын бирин-экин болсо да кийинки урпактарга калтырып кеткен баа жеткис мурас-байлыктары бүгүнкү күндө биздин колго жетип, руханий-көркөм байлыктарыбызды арттырып келет.

Улуу Октябрь революциясынын таңы атып, караңгы кыргыз элинин кат-сабатын жоюу үчүн сөзсүз түрдө элибиздин улуттук алфавити, улуттук тили болушу зарыл эле. Ансыз улуттун улут катары таанылышы кыйын. Мына ушундай орчундуу маселе кабырганы кайыш-тырып турган шартта улуттук алфавит түзүү үчүн И.Арабаев өзүнүн көп күч аракетин жумшаган. Ал эми кыргыз тилинин гпамматикасына, лексикасына, морфология маселелерибоюнча бир катар илимий-иликтөө жүргүзгөн К.Тыныстановдун эмгеги өтө зор.

1925-жылы биринчи улуттук газетабыздын көз жарышына көмөк түзгөн С.Карачев да тарыхта чоң из калтырып кетти. «Эркинтоо» деген ат менен чыккан алгачкы гезитибиздин алты саны Ташкентте чыгып, андан кийинки сандары Фрунзеде басылып чыга баштады. С.Карачевдин мыкты калемгер, журналисттик чеберчилиги жогору адис экендигин С.Сасыкбаев, Х.Карасаев, З.Бектенов өңдүү адабий ишмерлер өздөрүнүн монументалдуу эмгектеринде көп эскеришкен.

С.Карачев орус, татар, казак тилдерин мыкты билип, интелектуалдык деңгээли жогору болгондуктан, ар бир санына чыгуучу материалдарды өзү оңдоп-түзөп көзөмөлдөп турган. Ошол кезде Оруссия мамлекетинен чыккан «Правда» газетасынын макети менен салыштырып, материалдарды ылайыгына жараша кайсы бетке кандай макалаларды кетирүү керек, ыр, аңгеме, фельетон жанрларын кандай жайгаштыруу керектигин мыкты өздөштүргөн. Албетте, жаңыдан жарык көрө баштаган улуттук газетабыздын мазмунунда, структурасында кемчиликтер болбой койгон эмес. Ошол кезде жаңыдан жазыла баштаган чакан аңгемелер, фельетондор, ырлардын мазмундары калемгерлер тарабынан жарды, супсак, анча бышып жетилбеген чыгармаларда жарыяланган. Ошондой болсо да бул биздин элибиз үчүн болуп көрбөгөндөй чоң жаңылык катары кабыл алынып, элет жериндеги карапайым журт үчүн кат сабатын жоюуда чоң роль ойногон.

«Эркинтоо» газетасынын биринчи санына А.Токомбаевдин «Октябрдын келген кези» деген ырынын жарыяланышы С.Карачевдин үлүшү болуп саналат. Себеби, «Эркинтоо» газетасынын биринчи саны 1924-жылы 7-ноябрда басылып чыккандыктан, Сыдык Октябрь революциясынын аткан таңын даңазалаган «бул ыр тарыхый даталуу күнгө туш келгендиктен, гезитибиздин биринчи санынын биринчи бетинен орун алышы керек», - деп басмага өзү даярдаган. Мына ошол мезгилден тартып, 80-жылдардын акырына чейин

А.Токомбаев кыргыз адабиятынын тарыхында көркөм адабияттын «негиз салуучусу» катары орто мектептин, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын программасында окутулуп келди.

Белгилүү адабиятчы З.Бектеновдун «Замандаштардын эскерүүсүндө» аттуу эскерүү баянында «Эркинтоо» газетасынын биринчи санына С.Карачевдин «Эркинтоого» деген ырын көпчүлүк адабий-коомдук ишмерлер сунуш кылышса, Сыдык өзү болбой, баш тартып койгондугун эскеришет. Ошондой болсо да экинчи санына жарык көргөн С.Карачевдин «Эркинтоого» аттуу лирикалык чыгармасы көпчүлүк окурмандардын жүрөгүнөн орун таап, жылуу кабыл алынган.

80-жылдардын аягында өлкөдө демократиянын айдыңы өкүм сүрүп, ар кандай коомдук-саясий кыймылдар «советтик режимдин» бир жактуу иш-аракеттерин акырындык менен жоюуга аракет жасашты.

90-жылдардын башында дээрлик демократиялык күч өз аракеттерин ишке ашырып, өлкөдө демократия-лык бийлик өкүм сүрө баштады. Бул мезгилдердин аралыгында 37-жылдын курмандыктары болгон элибиздин коомдук-ишмерлеринин ак жашап, акыйкат үчүн күрөшкөн эмгектери акталып, басма сөз беттеринен тынымсыз орун берилип, жалпы эл журттун сынына коюлду. Мына ошондой коомдук ишмерлердин арасында адабияттын, маданияттын өнүгүшүнө салымдарын кошуп келген К.Тыныстанов, И.Арабаев, С.Карачев өңдөнгөн адабий ишмерлер да бар эле. К.Тыныстанов, С.Карачевдин чыгармалары 90-жылдардын башында жогорку окуу жайынын программасына киргизилип окутула баштады. Андан соң орто мектептин жогорку класстарынын окуу программасына да К.Тыныстановдун бир катар ырлары, «Академия кечелери» драмасы, «Мариям менен көл боюнда» повести, С.Карачевдин «Эрксиз күндөрдө», «Эрик таңында» повести жана бир катар лирикалык ырлары киргизилди.

Демократиянын жел аргысы менен кыргыз адабияты да олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болду. Мурда кыргыз адабиятынын «негиз салуучулары» А.Токомбаев, К.Баялиновдорду окутуп келсек, эми көркөм адабияттын негиз салуучусу катары С.Карачевди, К.Тыныстановду айтып келебиз. Себеби, тарыхтын өткөн барактары буга далил. Белгилүү адабий сынчы С.Жигитовдун «Кечээкинин сабактары, бүгүнкүнүн талаптары» деген эмгеги репрессияланган акын-жазуучулардын (С.Карачев, К.Тыныстанов ж.б). чыгармачылыгына кеңири анализ берет.

С.Карачев – абдан мээнеткеч, иштерман, алдына койгон максатына жетүү үчүн ичкен ашын жерге койгон мыкты адис болгон. Белгилүү маданият ишмери Зияш Бектенов өзүнүн «Замандаштарым жөнүндө эскерүү» аттуу адабий эмгегинде: «Сыдык Карачевдин кыргыз эли бир кезде 99% сабатсыз болуп, маданиятсыздыктын туткунунда тунжурап уктап жатканында, анын көзүн ачуу үчүн, иунгуч газета чыгарып, кыргыздын алгачкы акын-жазуучуларын кас тургузуп, маданияттын жарчысы болгон эбегейсиз зор эмгегин эскерип, азыркы жаштардын эстерине салбай кое албайм», - деп эскерет.

Албетте, кат-сабаты жоюлбаган элдин адабияты да, маданияты да болбойт. Мындай караңгылык туңгуютан чыгуу үчүн алдыңкы агартуучу өкүлдөрү тарабынан Кыргыз алфавитин түзүү, Кыргыз «Алиппесин» жазуу, башталгыч класстарга окуу китебин (эне тилин) жазуу жана кыргыз тилинде газета чыгарууга даярдык көрүү иштери жүргүзүлүш керек болгон. Мындай чараларды ишке ашыруу милдети И.Арабаев, К.Тыныстанов өңдүү агартуучулардын алгачкы өкүлдөрүнө тапшырылган.

Бир улуттун тилинде газета чыгарыш үчүн, алгач ал улуттун алфавитин түзүп, «Алиппесин» жазуу талап кылынат. Алфавити жок туруп, газета чыгарышка эч мүмкүн эмес.

Алгач И.Арабаев Кыргыз алфавитин түзгөн, анын негизинде ал Кыргыз «Алиппесин»

жазган. К.Тыныстанов башталгыч класстарга «Окуу китебин» жазат. Ал китептер 1924-жылдын баш ченинде басмага берилип, ошондон удаа гана кыргыз тилинде газета чыгарышка даярдыктар көрүлө баштайт.

Ошентип, 1924-жылдын 7-ноябрында кыргыздын тунгуч газетасы «Эркинтоо» жарыкка чыгат. Бул окуя улуттук басма сөздүн тунгучу болуп, газеталык кадрларды өстүрүүнүн гана мектеби болбостон, ошону менен бирге жаңыдан түптөлүп келе жаткан профессионалдуу адабияттын жана сындын андан ары калыптанышына реалдуу тарыхый жана маданий мүмкүнчүлүктөрдү кенен ачып берди.

«Эркинтоо» газетасынын алгачкы сандарына жаңыдан телчигип келаткан жаш калемгерлердин бирин-экин ырлары, очерк, «жаныт-ма», «фельетон», «какшык» өңдүү адабий жанрлар орун алып, ошондой эле саясий мазмундагы материалдар жарыяланган. Газетанын чыгышы менен «Эркинтоонун» дарегине жазылган ырлар, макалалардын саны арбып, өзгөчө Октябрь революциясынын жеңишин даңазалаган ураандар, ырлар, кызыктуу материалдар биринин артынан бири басылып чыгып жатты. «Эркинтоонун» штаттан тышкаркы кабарчылары да көбөйдү.

Ошентип, «Эркинтоо» газетасына улай «Советская Киргизия» (1925) «Ленинчил жаш» (1926) жана «Жаңы маданият жолунда» (1928) сыяктуу басма сөз органдары улуттук журналистиканын, көркөм адабияттын, публицистиканын жана илимдин кадимкидей пайда болуп, калыптануу жолуна түшүү тилкесине башоту менен киргендигин айгинелейт.

Адабияттар

1. Бектенов З. Замандаштарым жөнүндө эскерүү. –Б., 1996.
2. Жигитов С. Кечээкинин сабактары, бүгүнкүнүн талаптары. –Фрунзе, 1988.